“БЕКИТЕМИН”
ОшМПУнун илимий иштер
боюнча проректору б.и.к.
Абсатаров Р.Р. _____
25.09.2023-ж.

«Жылдын жаш окумуштуусу» наамы үчүн А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин жаш окумуштуулары менен адистеринин жыл сайын өтүүчү конкурсун өткөрүү боюнча

ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1.1. А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин (мындан ары - Университет) жаш окумуштууларынын жыл сайын өтүүчү «Жылдын жаш окумуштуусу» конкурсу жөнүндө ушул жобо (мындан ары - Конкурс) конкурсту уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин, конкурстун жеңүүчүлөрүн жана лауреаттарын аныктоонун шарттары жана критерийлерин аныктайт;

1.2. Конкурс жыл сайын ОшМПУнун Илимий иштер боюнча проректорунун буйругуна ылайык өткөрүлөт;

1.3. Конкурстун максаты – университеттин факультеттериндеги, колледжиндеги жаш кызматкерлердин кесиптик жана илимий деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле алардын чыгармачылык активдүүлүгүнө дем берүү;

1.4. Конкурстун негизги максаттары: илимий изилдөөлөрүнүн натыйжалуулугун практикада далилдеген эң активдүү жаш окумуштууларды аныктоо жана колдоо; Конкурстун катышуучуларынын илимий ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын таанытуу, университеттин сайтында сынактын жыйынтыктарын жарыялоо, студенттер үчүн сынактын жеңүүчүлөрүнө ачык лекцияларды уюштуруу жана өткөрүү; илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана университеттин илимий потенциалын өнүктүрүү максатында кафедралардын илимий-педагогикалык жана илимий жамааттарынын ресурстарын натыйжалуу пайдалануу;

1.5. Конкурстун предмети болуп өтүнмө ээлери тарабынан берилген, алардын илимий жетишкендиктерин чагылдырган материалдар саналат;

1.6. Конкурска университеттин **35 жаштан ашпаган илимий даражасы жок жана / же илимдин кандидаттары болуп саналган, илимий-**

изилдөө иштеринде олуттуу жеке жетишкендиктери бар, илимий темасы КР УАК тарабынан бекитилген университеттин штаттык кызматкерлери катыша алышат;

1.7. Конкурстун жыйынтыгын чыгарууда жарыяланган илимий эмгектери (монографиялар, макалалар, баяндамалардын тезистери), башка эквиваленттүү жарыяланган эмгектер (патенттер, ЭЭМ үчүн программаларды каттоо жөнүндө күбөлүктөр, маалымат базалары ж.б) **өткөн жылдын ноябрь айынан учурдагы жылдын ноябрь айына** чейинки бир жыл аралыгындагы эмгектери эсептелинет;

1.8. Конкурстун жеңүүчүлөрү жана лауреаттары дипломдор жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышат;

1.9. Конкурска 4 кызматкерден аз адам катышса конкурс өтүлбөдү деп эсептелет.

2. Конкурсту өткөрүүнүн шарттары жана тартиби

2.1. Конкурсту университет өткөрүп, Илимий техникалык кеңеши (мындан ары Комиссия) уюштурат;

2.2. Конкурс жыл сайын өткөрүлөт. Конкурска материалдарды берүүнүн мөөнөтү илимий иштер боюнча проректордун буйругу менен аныкталат;

2.3. Конкурстун катышуучулары ушул жобо менен аныкталуучу конкурстук документтерди даярдайт;

2.4. Конкурска катышууга анкета жеке изденүүчү тарабынан Комиссияга электрондук жана кагаз түрүндө берилет.

3. Арызга жана конкурстун материалдарына талаптар

3.1. Конкурска катышуу үчүн анкета төмөнкүлөрдү камтыйт: катышуучунун аты-жөнү, кыскача маалыматы, КР УАК та бекитилген илимий темасы, илимий жетекчиси (1-тиркеме боюнча), жарыяланган жана ага теңештирилген илимий жана окуу иштеринин тийиштүү түрдө күбөлөндүрүлгөн тизмеси (2-тиркемеге ылайык);

3.2. Төмөнкү учурда конкурска катышуу үчүн документтер кабыл алынбайт:

- Ушул жобону бузуу менен толтурулган документтер;
- Арыздарды кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийин келип түшкөн документтер;
- эгерде өтүнмө ээси конкурстун катышуучуларына ушул жобонун 1.6-пунктунда берилген талаптарга жооп бербесе;

3.3. Конкурска кабыл алынган документтер рецензияланбайт жана сынактын катышуучусуна кайтарылып берилбейт, ал эми материалдар четке кагылган учурда өтүнмө ээсине жүйөлүү баш тартуу жөнөтүлөт.

4. Конкурстук материалдарды кароо

4.1. Конкурстук материалдардын экспертизасынын негизги милдети алардын коюлган талаптарга шайкештигин комплекстүү баалоо, ошондой эле илимий жетишкендиктерди жана натыйжалардын маанилүүлүгүн баалоо болуп саналат;

4.2. Өтүнмөнүн жана материалдардын ушул жобонун талаптарына ылайык келишин текшерүүнүн негизинде Комиссия ар бир өтүнмө ээсинин жетишкендиктери үчүн сандык көрсөткүчтөрдү жана жалпы баллды аныктайт;

4.3. Жетишкендиктер боюнча талапкерлердин алган баллдарынын негизинде рейтингдик тизме аркылуу Комиссия жеңүүчүлөрдү аныктайт.

5. Конкурстун жыйынтыгын чыгаруунун тартиби

5.1. Конкурстун жыйынтыгын аныктоо үчүн Комиссиянын талапкерлер тарабынан берилген өтүнмөлөрдүн экспертизасынын натыйжаларын чыгарат, талапкерлердин рейтингдик тизмеси талкууланат, жеңүүчүлөр жаш окумуштуулар деп таанылат;

5.2. "Жылдын жаш окумуштуусу" наамы Конкурста эң көп упай топтогон I-II-III орундарга бирден гана кызматкерлерге ыйгарылат;

5.3. Конкурстун финалисттери боюнча Комиссиянын чечими конкурстун жыйынтыгын университеттин веб-сайтында жарыялоо жана социалдык баракчалар аркылуу коомчулука жеткирилет;

5.4. Конкурстун жеңүүчүлөрү макулдашуу боюнча ОшМПУнун студенттери үчүн илимий жетишкендиктер боюнча ачык лекция уюштурат жана өткөрүп берет.

1-тиркеме

Анкета

«Жылдын жаш окумуштуусу» наамы үчүн А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин жаш окумуштууларынын жыл сайын өтүүчү конкурсунун катышуучусу

ФАА_____

Туулган жылы, айы, күнү: _____

Бүтүргөн окуу жайы, жылы, адистиги:_____

_____

Иш тажырыйбасы, кызматы: _____

Илимий наамы, даражасы(эгер болсо): _____

Байланыш маалыматтары (телефону, электр. дареги): _____

КР УАКтан бекитилген илимий темасы:_____

_____

Илимий жетекчиси:_____

Илимий кызыкчылык чөйрөсү (кыскача реферат 150 сөзгө чейин):

_____ _____ _____

ФАА (колу) (күнү, айы, жылы)

2-тиркеме

Конкурска катышуучунун илимий эмгектеринин тизмеси

_____

_____факультетинин _____ кафедрасынын окутуучусу

№	Жарыка чыккан илиимй макаланын аталышы	журналдын аталышы (№, жылы ISSN), же автордук күбөлүк	көлөмү	Авторлоштордун ФАА	Web ссылкасы	балл						
						Web of Science	Scopus	RSCI	РИНЦ импактфактору 0дөн жогору	КР УАК тарабынан бекитилген Тизмеге киргизилген илимий басылмалар	Жогорку аттестациялык комиссиянын «Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөөлөр» электрондук журналы	Башка журналдар

ФАА _____ _____

Кафедра башчысы: _____ _____